“Бекитемин”
М.Р. Рахимова атындагы
Кошумча кесиптик билим берүү
институтунун директору
п.и.к., доц. Усеингазиева Г.С.
________________
“ 25 ” 09 2023-ж.

**И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин М.Р. Рахимова атындагы Кошумча кесиптик билим берүү институтунун “Кошумча кесиптик билим берүү” бүтүрүүчүлөрүнүн ассоциациясынын ЖОБОСУ**

## I. Жалпы жобо

1.1. И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин (КМУ) М.Р. Рахимова атындагы Кошумча кесиптик билим берүү институтунун (ККББИ) “Кошумча кесиптик билим берүү бүтүрүүчүлөр ассоциациясы” жалпы кызыкчылыкты көздөгөн, өзүн-өзү башкаруу көз карандысыз, өз ыктыяры менен түзүлгөн бүтүрүүчүлөрдүн ассоциациясы.

- Коомдук уюмдун толук аталышы: М.Р. Рахимова атындагы Кошумча кесиптик билим берүү институтунун **“Кошумча кесиптик билим берүү”** бүтүрүүчүлөрүнүн ассоциациясы.
- Коомдук уюмдун кыскартылган аталышы: **“Кошумча кесиптик билим берүү”** бүтүрүүчүлөрүнүн ассоциациясы.
- **“Кошумча кесиптик билим берүү” бүтүрүүчүлөрүнүн ассоциациясы** ишмердүүлүгүн Кыргыз Республикасынын аймагында жүргүзүлөт.
- Ассоциация Кыргыз Республикасынын “Билим берүү жөнүндө” мыйзамына, жана “Коммерциялык эмес уюмдар жөнүндө” (КР 2014-жылдын 30-майындагы №82 мыйзамынын негизинде жана И. Арабаев атындагы КМУнун 2023-жылынын 26-май айындагы жобосуна ылайык иштелип чыкты.
- **“Кошумча кесиптик билим берүү” бүтүрүүчүлөрүнүн ассоциациясы** уставынын, жобосунун жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын негизинде иш жүргүзөт.
- Ассоциациянын ишмердүүлүгү убакытта чектелбейт.
- Ассоциациянын эмблемасы, символикасы, көчмө желеги болот жана башка реквизиттери болушу мүмкүн.

- **“Кошумча кесиптик билим берүү” бүтүрүүчүлөрүнүн ассоциациясы** төмөнкү даректе ишмердүүлүк жүргүзөт: Бишкек шаары, И.Раззаков көчөсү, 51 А. №1-окуу корпусу, 307 ауд.

## I. МАКСАТЫ ЖАНА МИЛДЕТТЕРИ

- **“Кошумча кесиптик билим берүү” бүтүрүүчүлөрүнүн ассоциациясынын негизги максаты**:

Билим берүүнү өркүндөтүү үчүн биргеликте кызматташуу жана жаш адистерге көмөк көрсөтүү, бүтүрүүчүлөрдүн институт менен байланышын чыңдоо жана интеллектуалдык потенциалды пайдалануунун натыйжалуулугун жогорулатуу.

### I. 1. Ассоциациянын милдеттери:

- Институттун өнөктөштүк байланыштарын жандандыруу аркылуу анын абройун жогорулатуу;
- билим берүү тармагындагы ар кандай маселелерди биргелешип талкулоону көздөөп инситуттун педагогикалык кесипти аркалаган ар кыл муундагы бүтүрүүчүлөрүн бириктирүү;
- факультеттин
- иституттун мыкты традицияларын сактоо жана өнүктүрүү;
- бүтүрүүчүлөрдүн педагогикалык багыттагы демилгелерин колдоо;
- бүтүрүүчүлөрдүн кесиптик-педагогикалык жактан өсүшүнө илимий-методикалык жардам көрсөтүү;
- бүтүрүүчүлөрдү жумушка жайгаштыруу боюнча билим берүүчү мекемелер, уюмдар жана өнөктөштөр менен тыгыз байланышта иш жүргүзүү;
- институт менен бүтүрүүчүлөрдүн ортосундагы байланышты чыңдоо;
- институттун турмушуна бүтүрүүчүлөрдүн ар кыл муундарын кеңири тартууда маалыматтык база иштеп чыгуу.

## II. АССОЦИАЦИЯНЫН МҮЧӨЛӨРҮ

- Ассоциацияны 20-дан адамдан кем эмес санда түзүүгө болот;
- Ассоциациянын мүчөлөрү болуп, өз ыктыяры менен “**Кошумча кесиптик билим берүү**” ассоциациясынын уставын тааныган жана колдогон бүтүрүүчүлөр болушат;
- Ассоциясынын ыктыярдуу мүчөлүгүнө кабыл алынуу үчүн бүтүрүүчүдөн ассоциациянын наамына арыз жазылат;
- Ассоциациянын мүчөлүгүнөн чыгуу жагы дагы бүтүрүүчүнүн арызынын негизинде канааттандырылат;

- Ассоциациянын мүчөлөрүнүн санына чек коюлбайт;

**“Кошумча кесиптик билим берүү” бүтүрүүчүлөрүнүн ассоциациясынын** ассоциациясынын ардактуу мүчөсү наамы каралат. Наамга ассоциациянын өнүгүшүнө салымын кошкон, белгилүү ишмердүүлүккө ээ болгон бүтүрүүчүлөр татыктуу болушат. Наам ассоциациянын жалпы жыйынында талкуулануу менен ыйгарылат.

## II. АССОЦИАЦИЯНЫН МҮЧӨЛӨРҮНҮН МИЛДЕТТЕРИ ЖАНА УКУКТАРЫ

### Ассоциациянын мүчөлөрүнүн милдеттери

1. Ассоциациянын иш-чараларына активдүү катышууга;
2. Ассоциациянын алдына коюлган максатка жана милдеттерге умтулууда ассоциация иштеп чыккан долбоорлор менен программаларды ишке ашырууга;
3. Ассоциациянын жыйындарына катышууга;
4. Ассоциациянын Уставын сактоого жана жалпы жыйындын чечимдерин аткарууга;
5. **“Кошумча кесиптик билим берүү” бүтүрүүчүлөрүнүн ассоциациясынын** абройуна шек келтирген, татыктуу эмес иштерге жол бербөөгө;
6. Ар кандай жат көрүнүштөр менен ассоциациянын ишмердүүлүгүнө жолтоо болбоого;
7. Ассоциациянын мүчөсү катары даректик өзгөрүүлөрү тууралуу өз убагында билдирүүгө.

### Ассоциациянын мүчөлөрүнүн укуктары:

1. Ассоциациянын Башкаруу уюмдарына шайлоого жана шайланууга;
2. Ассоциациянын максатын жана милдеттерин аткарууга байланыштуу демилгелер, долбоорлор, сунуштар менен Кыргыз Республикасынын бийлик органдарына, Эл аралык уюмдарга кайрылууга;
3. Ассоциациянын фондунан илимий-методикалык материалдарды алууга жана өзүнүн ишмердүүлүгүндө пайдаланууга;
4. Ассоциациянын жалпы жыйынынын күн тартибине сунуштар жана долбоорлор менен кайрылууга жана ал боюнча маалыматтарды, чечимдерди, иш чаралардын программаларын алууга;
5. Ассоциациянын мүчөлөрүнө өзүнүн долбоорлорун сунуштоого жана биргелешкен ишмердүүлүктүн ийгиликтүү жыйынтыкка ээ болуусунда каржылоо маселесин караштырууга;
6. Институттун жана университеттин иш чараларына жана институттун билим берүү программаларын иштеп чыгууга катышууга;

7. Белгилүү окумуштуулардын жана коомдук ишмерлердин катышуусунда тематикалык көргөзмөлөрдү, конференцияларды, семинарларды, тегерек отурумдарды, дискуссияларды, викториналарды ж. б. иш чараларды өткөрүүгө;
8. Институттун илимий конференцияларына катышууга жана илимий макалаларын жарыялоого;
9. Институттун профессордук-окутуучулук курамынан илимий-методикалык консультацияларды алууга;
10. **“Кошумча кесиптик билим берүү”** ассоциациясынын ардактуу мүчөсү наамына ээ болууга.

## III.АССОЦИАЦИЯНЫН БАШКАРУУ УЮМУ ЖАНА ТҮЗҮМҮ

- Ассоциациянын башкаруу уюму – анын жалпы жыйыны болуп эсептелет.
- Жалпы жыйын Жогорку башкаруу уюм катары жылына эки жолу өткөрүлүп турат.
- Зарыл болгон шартта кезексиз Жалпы жыйын өткөрүлөт.
- Жалпы жыйынды өткөрүү жана анын күн тартибин аныктоо Аткаруучу органы тарабынан аныкталат.
- Ассоциациянын жалпы жыйынынын өткөрүлө турган орду жана күн тартиби 10 күн мурун кулактандырылат.
- Жалпы жыйындын талкуусуна Ассоциациянын ишмердүүлүгүнө байланыштуу маселелер коюлат:
  - Жобого өзгөртүүлөр киргизүүлөр;
  - ассоциациянын ардактуу мүчөсүнө кабыл алуу ж. б. у. с.
- Жалпы жыйын ассоциациянын мүчөлөрүнүн жарымынан көбү чогулган учурда кворум болот.
- Жалпы жыйындын чечими катышуучулардын көпчүлүгүнүн добушу менен кабыл алынат.
- Добуш берүү тартиби жалпы жыйындын чечими менен аныкталат.
- Жалпы жыйындын жетекчиси жыйында шайланган төрага болуп эсептелет. Ал катыша албай калган шартта Аткаруучу төрага алып барат.
- Жалпы жыйындын чечимдери боюнча Токтом кабыл алынат.
- Жалпы жыйында добуш берүүнү аралыктан, электрондук түрдө интернет-добуш (онлайн) берүү аркылуу өткөрүүгө болот.
- Аралыктан, электрондук түрдө интернет-добуш берүү шартында бекитиле турган документтердин пакети күн мурунтан жөнөтүлөт.
- Электрондук добуш берүү (маанилүү маселелер) институттун расмий сайты аркылуу жүргүзүлөт.
- Добуш берүүнүн жыйынтыгы 10 күндүн ичинде чыгарылып, чечими жарыяланат.

“Кошумча кесиптик билим берүү бүтүрүүчүлөр ассоциациясы” жалпы кызыкчылыкты көздөгөн, өзүн-өзү башкаруу көз карандысыз, өз ыктыяры менен түзүлгөн бүтүрүүчүлөрдүн ассоциациясынын күн тартибинде каралган маселелери талкууланды жана жобого ылайык иш алып баруу каралды.

**Каралуучу маселелер:**

1. Ассоциациянын эмблемасы, символикасы, көчмө желеги болот жана башка реквизиттери иштеп чыгуу.
2. Ассоциясынын мүчөлүгүнө кабыл алуу, арыз жазуу;
3. Ассоциациянын курамын бекитүү;
4. Ассоциациясынын төрагасын шайлоо;
5. Ар кандай маселелер